# Ж.Турусбеков атындагы №33 жалпы билим берүүчү орто мектебинде 5-октябрь мугалимдер майрамына карата “Мугалимге таазим” аттуу концерттик программасынын иштелмеси.

**КТИУ. Б.Алымкулов.**

# “Мугалим –мөмөлүү дарак”

№33. Ж. Турусбеков атындагы орто мектебинде 5-октябрь мугалимдер майрамын өткөрүүнүн иштелмеси.

1 Эртең менен сабак башталганга чейин активдүү окуучуларды эртерээк (мугалимдерден мурда) мектепке топтоо.

2. Окуучулардын колуна шаарларды жана гүлдөрдү карматуу жана мектептин кире беришинен мугалимдерди майрамдык маанай менен тосуп алуу.

3. Мугалимдер баары чогулган мезгилде алдыңкы окуучулар тарабынан даярдалган куттуктоо, ырларды айттыруу.

4. Эс алуудагы мугалимдерди мектепке чакыруу.

5. 3- сааттан кийин мугалимдерге арналган майрамдык концерттик программа уюштуруу.

## **“Мугалим-мөмөлүү дарак” мугалимдер майрамына арналган концерттик программанын сценарийи.**

**Алып баруучу:** Мугалимдер бизге насаат үлгүсүздөр,

Жол көрсөткөн тунук күзгүсүздөр.

Сиздер дайым үлгүсүздөр,

Узун өмүр сүрүңүздөр.

Анда эмесе биздин сүйүктүү эже-агайларыбыз сиздерге чың-ден соолук узун өмүр каалоо менен сиздерге арналган майрамдык коцертибизди баштоого уруксат этесиздер. Сиздерге арнап биздин талантту жигитибиз Замирбек уулу Ороздун аткаруусунда “Апакем” аттуу чыгармасына назарыңыздарды бурабыз. (чыгарма аткарылат).

**Алып баруучу:** Мугалим бул бир мөмөлүү дарактай,

Тамырында билим суусу аккандай.

Табиятты жаш муунга таанытып,

Талбастыгы ташка тамга баскандай.

Сиздердин алдыңыздарда 9-класстын “Мезгил окуучусу” сатиралык интермедиясын тартуулайбыз. (Интермедия аткарылат).

**Алып баруучу:** Баалайлычы мугалимдин кадырын,

Мертебесин, зоболосун, сабырын.

Мүрөк суудай аруулукту ыроолойм,

Мугалимдер аман болсун ылайым.

Анда эмесе 8-класстын бийчи кыздар тобунун мугалимдер майрамынын урматына даярдаган номеринен көңүлүңүздөрдү бурабыз. ( Кыздар бийи).

**Алып баруучу:** Окуучулар артыңыздан бараткан,

Сырдашабыз алды-жайды сурашкан.

Сыйлап сизди туу тутамын өзүмө,

Топ ичинде сиз өзгөчө турасыз.

Сөз кезегин өмүр жолун жаш муундарга арнап келген, канчалаган келечек муундарын окутуп тарбиялап, азыркы күндө ардактуу эс алуудагы эже-агайларыбызга берсек. ( Майрамга конок болуп келген ардактуу эс алуудагы мугалимдер сүйлөшөт).

**Алып баруучу:** Анда эмесе майрамдык куттуктоо сөзүн мектептин директоруна берсек. ( Директор жалпы мугалимдерди куттуктап сөз сүйлөйт).

Кийнки сөз кезеги ар бир класстын активдүү окуучулары тарабынан мугалимдерге арналган куттуктоо сөздөрүнө берилет.